DOI:10.26104/NNTIK.2022.1.6.048

*Абдыраева Ж.Д.*

## КЫРГЫЗСТАН ЖАНА БОЛОН ПРОЦЕССИ: КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖАНА КЕЛЕЧЕГИ
**(И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин мисалында)**

*Абдыраева Ж.Д.*

## КЫРГЫЗСТАН И БОЛОНСКИЙ ПРОЦЕСС: ПРОБЛЕМЫ И ПЕРСПЕКТИВЫ
**(на примере Кыргызского государственного университета имени И.Арабаева)**

*Zh. Abdyraeva*

## KYRGYZSTAN AND THE BOLOGNA PROCESS: PROBLEMS AND PROSPECTS
**(on the example of the Kyrgyz State University named after I.Arabaev)**

*УДК: 378.9 (575.2)*

*Бул макалада Болон процессинин И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде ишке ашышы жана анын көйгөйлөрү менен келечеги каралган. Акыркы мезгилдерде жогорку билим берүүнүн өнүгүшүндө курч маселелердин бири бирдиктүү европалык билим берүү мейкиндигине кошулуу болуп эсептелинүүдө. Кыргызстан 2012-жылдан тарта эки баскычтуу т.а. Болон процессине өтүп баштаган. Алгачкы кадам катары Кыргызстандын 2-3 жогорку окуу жайлары Болон процессине кошулуп, жана 2011-жылы өлкөнүн 14 жогорку окуу жайы, анын арасында биздин окуу жай Болон процессинин Генералдык хартиясына кол коюшкан. Ал эми И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде бул процесске өтүү иштери 2012-2013-жж. башталды. Билим берүү процессинде мезгилдин талабына ылайык Болонья процессине өтүү шарт болуп саналат. И.Арабаев атындагы университет педагогикалык жаааттагы алдыңкы жогорку окуу жай катары бакалавр боюнча Мамлекеттик билим берүү стандарттары иштелип чыгып, болжолдуу окуу пландары Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим Министрлиги тарабынан бекитилген. 2003-2004-окуу жылынан баштап, бакалавр жана магистрдик программа окутуу башталган. Бирок көп баскычтуу билим берүү системасы толук иштеп келгендиктен, бул эки баскычтуу билим билим берүү системасынын негизги көйгөйлөрү жана жетишкендиктерине анализ берилет.*

***Негизги сөздөр**: Болон процесси, билим берүү, кредиттик система, AVN-программасы, бакалавр, магистр, академиялык мобилдүүлүк, билим берүү стандарты.*

*В данной статье рассматривается реализация Болонского процесса в Кыргызском государственном университете имени И.Арабаева и его проблемы и перспективы. Одной из острых проблем в развитии высшего образования в последнее время является интеграция в единое европейское образовательное пространство. В качестве первого шага к Болонскому процессу присоединились 2-3 высших учебных заведения Кыргызстана, и в 2011 году 14 высших учебных заведений страны, в том числе наш университет. Они подписали Генеральную хартию Болонского процесса. В Кыргызском государственном университете имени И.Арабаева работа по переходу на этот процесс начался в 2012-2013 годах. В образовательном процессе обязательным условием является переход к Болонскому процессу в соответствии с требованиями времени. Кыргызский государственный университет имени И.Арабаева как ведущее высшее учебное заведение в педагогической области разработала государственный образовательный стандарт по бакалавриату, примерные учебные планы утверждены Министерством образования и науки Кыргызской Республики. С 2003-2004 учебного года началось обучение по программе бакалавриата и магистратуры. Однако, поскольку многоуровневая система образования полностью функционирует, в этом двухуровневом образовании будут проанализированы основные проблемы и достижения системы образования.*

***Ключевые слова**: Болонский процесс, образование, кредитная система, программа, бакалавр, магистр, академическая мобильность, стандарт образования.*

*This article discusses the implementation of the Bologna process at the Kyrgyz State University named after I.Arabaev and its problems and prospects. One of the acute problems in the development of higher education in recent years is integration into a single European educational space. As a first step, 2-3 higher educational institutions of Kyrgyzstan joined the Bologna process, and in 2011 14 higher educational institutions of the country, including our university. They signed the General Charter of the Bologna Process. At the Kyrgyz State University named after I.Arabaev, work on the transition to this process began in 2012-2013. In the educational process, a prerequisite is the transition to the Bologna process in accordance with the requirements of the time. Kyrgyz State University named after I.Arabaeva as a leading higher educational institution in the pedagogical field has developed a state educational standard for bachelor's degree, sample curricula have been approved by the Minister of Education and Science of the Kyrgyz Republic. Since the 2003-2004 academic year, bachelor's and master's degree programs have been started. However, since the multi-level education system is fully functioning, the main problems and achievements of the education system will be analyzed in this two-level education.*

***Key words:** Bologna process, education, credit system, program, bachelor, master, academic mobility, standard of education.*

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети азыркы мезгилде тездик менен өнүгүп келе жаткан негизги окуу жайлардын бири. Университет түзүлгөндөн бери 75 жылга жакын убакыт өтсө да, ушул убакыт аралыгында өлкөбүздөгү жогорку окуу жайлардын ичинде өзүнүн татыктуу ордун элей алды. Университеттин бардык ишмердиги жаш улан-кыздарга татыктуу билим берүү, аларды азыркы замандын талаптарына толук ылайык келген кесипкөй адис кылып даярдоого багытталган. Бүгүнкү учурда университетте окуу процесси Болон системасынын негизине ылайыкташып жүрүзүлүүдө.

Акыркы мезгилдерде жогорку билим берүүнүн өнүгүшүндө курч маселелердин бири бирдиктүү европалык билим берүү мейкиндигине кошулуу болуп

эсептелинүүдө. Кыргызстан 2012-жылдан тарта эки баскычтуу т.а. Болон процессине өтүп баштаган. Бул процесске өтүү премьер-министр Алмазбек Атамбаев тарабынан 2011-ж. августта токтомго кол коюлгандан тарта күчүнө кирген. Ал документке ылайык 2012-2013-окуу жылынан баштап жогорку окуу жайлары бүтүрүүчүлөргө «бакалавр» жана «магистр» академиялык даражасын ыйгара башташкан (айрым адистиктерди эсепке албаганда) [1, 1-б.].

1999-жылы 19-июнда Италиянын Болонья шаарында 29 европа өлкөлөрүнүн министрликтери тарабынан «европалык билим берүү аймагы» же Болон декларациясына кол коюлган. Бул декларацияга ылайык бул процесстин негизги максаты, дүйнөдөгү жогорку билим берүүнүн жалпы мейкиндигин түзүү болуп саналат. Болон процесси кредиттик системанын негизинде билим берүү принциби менен иштейт. Студент өзү мугалимди тандап, кредиттик система аркылуу (өз алдынча) билим алат. Ал эми окуу жай студентке кредиттик саатын (сабактарын) сунуштайт. Кол коюлган бул декларацияда төмөнкүдөй маселелерге көңүл бурулган: дипломдун кошумча барагынын (тиркеме) кошо берилип башташы менен бирге, университеттер арасында бирдиктүү бир структура түзүү, 3 жылдан аз эмес мөөнөттүк бакалавр жана магистр даражаларынын бүт Европа өлкөлөрүндө кабыл алынуусу, Европа Кредит Ташуу Системасынын (ECTS) европа аймагында жайылтуу менен бирге бүт аймакта өмүр бою үйрөнүү маселесине көңүл бурууну жакшыртуу ж.б.

Болон процессинин негизги максаттары болуп заманбап дүйнө талап кылып жаткан адистерге тез арада негизги билим берүү, студенттерге кайсы аймак болбосун, билимин улантууга мүмкүнчүлүк түзүү, студенттер менен мугалимдердин мобилдүү болуш, университеттер менен алмашып окуу; кредиттик система, студент берилген сабактарды кайсы убакта болбосун бүртүрө алышы ж.б.у.с.

Алгачкы кадам катары Кыргызстандын 2-3 жогорку окуу жайлары Болон процессине кошулуп, жана 2011-жылы өлкөнүн 14 жогорку окуу жайы, анын арасында биздин окуу жай Болон процессинин Генералдык хартиясына кол коюп, анын шарттарын аткарууга киришкенин айтууга болот [3,7-б]. Бул иш жалпы Кыргызстандын Болонья процессине кошулушуна жакшы шарт түзүп, өзгөчө мүмкүнчүлүк жана шык бериши күтүлүүдө.

Массалык маалымат каражаттарында Кыргызстанда Болон процесси боюнча бир катар кыйчалыш ойлор айтылып, анын жактоочулар жана каршылаштары пайда болду. Дегеним, «Кыргызстан Болон процессине кирүүгө азырынча даяр эмес, ага кирүү үчүн стандарттарга дал келиш керек, мындайча айтканда квалификациялык, билим берүүдөгү методика-баары дал келиши зарыл. Кыргызстанда ал али жок [5].

Кыргызстанда Балондук процесске ар ким алына жараша өтүп жатат десек болот. Маселен, Улуттук университет кредиттик системаны кабыл алган, бирок студенттер өзүнүн окуу жадыбалын өзгөртүүгө укугу жок. Анын ордуна мындай жаңылык бар: сабакты убагында ийгиликтүү аяктабасаң, эмки семестрде анын акчасын кайра төлөп окуп, аягында кайра тапшырса болот [7]. Бул процесске өтүү формалдуу гана болбостон, билим-берүүнүн сапатын өзгөртүү жагына басым жазалып, бардык эски нерсе өзгөрүүгө тийиш.

Ал эми И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде бул процесске өтүү иштери 2012-2013-жж башталды. Билим берүү процессинде мезгилдин талабына ылайык Болонья процессине өтүү шарт болуп саналат. Ал эми мурдагы билим берүү системасын жаман деп айтуудан алыспыз, бирок дүйнөлүк билим берүү системасындагы жаңычылдыктарды өзүбүзгө алышыбыз керек. Мындан тышкары Орто Азияда дагы коңшулаш мамлекеттер дагы Болонья процессине өтүшкөн. Республиканын денгээлинде бул процесстин ишке ашуусуна карата бир катар иштер болгон. Алсак, 2011-жылдын 23-августунда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «КР жогорку кесиптик билим берүүнүн эки баскычтуу структурасын кабыл алуу жөнүндө» № 469-токтому жарык көргөн [2]. Ал токтомдо: 2012-2013-окуу жылынан эки баскычтуу билим берүү структурасына өтүү; «Бакалавр», «магистр», «адистерди» даярдоо багыттары боюнча жогорку кесиптик билим берүү мамлекеттик стандарттарын макеттерин бекитүү маселелери каралган.

И.Арабаев атындагы университет педагогикалык жааттагы алдыңкы жогорку окуу жай катары бакалавр боюнча Мамлекеттик билим берүү стандарттары иштелип чыгып, болжолдуу окуу пландары Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министри тарабынан бекитилди. 2003-2004-окуу жылынан баштап, бакалавр жана магистрдик программа окутуу башталган. Бирок көп баскычтуу билим берүү системасы толук иштеп келгендиктен, бул эки баскычтуу билим билим берүү системасы өнүгө алган эмес.

Болон процессине жогорку окуу жайлардын өтүүсү бир топ кыйынчылыктарды жаратууда. Эскирип калган советтик системадан жаңы европалык болонья процессине өтүү өтө эле оор иш болуп көрүнөт. Маселен, бул процесстин эң негизги максаты бул студенттин кайсы аймак болбосун, билимин улантууга мүмкүнчүлүк түзүү т.а. академиялык мобилдүүлүк менен студенттерди алмашып окутуу маселеси каралган. Бул суроону карай турган болсок бир мамлекеттин ичиндеги окуу жайлар студент алмашып окутуу маселесин ишке ашыра алышат экен. Буга мисал катары биздин университетте региондордо жайгашкан университеттер (Ош МУ, ОГПИ ж.б.) менен студент алмашып окутуу процесси  улантылып жатат. Тилекке каршы башка мамлекетке барып окуп келүү үчүн

талаптар бар, бирок ошол эле учурда механизмдер толук иштелип чыккан эмес. Алсак, жогоруда аты аталган университеттин Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү факультетинде магистрантарды Казакстанга жана Россияга академиялык мобилдүүлүк боюнча окууга жиберүү боюнча сүйлөшүүлөр жүрүп, магистранттарды жөнөтүүдө каржы төлөмү каралбагандыгына байланыштуу бул аракет ишке ашпай калды.

Академиялык мобилдүүлүк боюнча дагы бир көйгөй студенттердин, магистранттардын жана окутуучулар курамынын чет тилдеринин билбегендиги эсептелинет. Мунун натыйжасында студенттердин чет мамлекеттердин окуу жайларына окуп келиши же окутуучулардын квалификациясын жогорулатуусу бир топ артта калып келүүдө. Магистранттар да ушул себептен чет мамлекеттерде академиялык мобилдүүлүк боюнча окуп келе алыш жатышат. Мындан тышкары илимий темаларын жазууда да тил билбегендигинин айынан чет мамлекеттерде жарык көргөн илимий эмгектерди колдонуу мүмкүнчүлүгүнөн четтеп калышууда. Аталган көйгөйдү чечүү максатында атайын чет тилине багытталган адистиктерди ачууга жана окутуучуларды атайын чет тилдерин окутуу курстарын уюштуруу (долбоор тартуу) зарылчылыгы бар. Университет тарабынан өз адистиги боюнча сабакты чет тилинде өткөн окутуучуларга айлык акы төлөө дифференциялык негизде жүргүзүүгө көңүл бурулууда.

Дагы бир жагдай бул система боюнча аккредитациянын талабына ылайык профессордук-окутуучулар курамынын илимий макалаларынын РИНЦ, «Scopus» менен чыгаруу талабы бар. Бул талапты аткарган, бир топ изилдөөчүлөрдүн РИНЦ, «Scopuskа чыгарган макалалары эсепке алынбай калган учурлар катталууда. Себеби, алар РИНЦ деп берген журналдар «жараксыз журнал» деп эсептелинип калууда. Болбосо, айрым учурда бул багытта «алдамчы» журналдардын тузагына илинип калышууда.

Кыргызстандын билим берүү системасы окуу процессин модулдук-кредиттик негизде уюштурууга өтүүсү, биздин универститетте эле эмес, бардык ЖОЖдордо нормативдик документтерди иштеп чыгууда жана окуу процессин жаңыча уюштурууда көйгөйлөрдү жаратууда. И.Арабаев атындагы КМУда бул жаатта төмөндөгү уюштуруу иштери унификацияланды: Окуу процессинин графиги (университеттин тарыхындабиринчи жолу январь айында бир айлык каникул жарыяланды, профессордук-окутуучулар курамы үчүн билимин өркүндөтүү курстары уюштурулду, аудиториялык жана студенттердин өз алдынча аткауучу иштери, лекциялык жана практикалык сабактардын катнаштары, AVN системасы киргизилди, Жетишүүнү баалоонун бирдей системасы пайдаланылууда, магистрдик программанын мазмунуна өзгөртүүлөр киргизилди, магистрлерге сабак берүүнү илимдин докторлоруна, профессорлорго өткөрүүгө жетишилди, университеттин келечекте бакалаврга эмес, магистрдик программанын негизинде иш алып баруусуна багыт алууга жол ташталды [2].

Университетте күндүзгү окуу формасынын бюджеттик жана контарктык бөлүмдөрүндө билим берүү процесси бекитилген окуу графигинин негизинде жүргүзүлөт. Студенттер кышкы жана жайкы сессиясынын жыйынтыгы AVN порталына киргизилет. AVN порталы аркылуу студенттердин окуу процесстери жүрүп турат. И.Арабаев атындагы КМУнун порталына кирүү үчүн ар бир студентке логин жана пароль берилет. АВН порталына кирүү менен ар бир студент өзү жөнүндө гана толук маалыматка ээ болбостон, өзүнүн рейтингин да билүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Андан сырткары кышкы жана жайкы сессиялардагы алган бааларын студенттер түздөн-түз AVN порталынан көрө алышат [4, 2-б.].

Окуу процессин башкаруунун салттуу системасынан модулдук-кредиттик системага өтүүдө ийкемдүү окуу планын түзүүнүн орду чоң.

Акыркы беш жылдык анализ жүргүзгөнүбүздө студенттердин сапаттык пайызынын төмөн болгондугун аныкталган. Анын себеби: AVNсистемасынын киргизилгендигине байланыштуу студенттердин өз убагында берилген тапшырмаларды аткарбагандыгы, андан сырткары Болон жараянына университет киргендигине карабастан окуу процессин анын талаптарына туура келбегендиги. Окутуучулардын ар бир студентке силлабусту кыргыз жана орус тилдеринде колдоруна даярдап бербегендиги студенттерге бир кыйла кыйынчылыктарды туудурууда. Албетте бюджеттик бөлүмдө окуган студенттердин билим деңгээли контарктык бөлүмдүн студенттеринин жогору экендигин да белгилеп кетүүбүз керек. Бирок Болон жараяны боюнча стденттердин келгендеги билим деңгээли ар түрдүү болгондуган карабастан диплом алган учурда алардын деңгээли бирдей болуусу негизги талап болуп эсептелинет.

Мындан тышкры өзүбүздүн окууга жана кадрларды даярдоого болгон мамилебизди өзгөртүү зарылчылыгы жаралууда. Эң негизгиси профессордук-окутуучулар курамын жаңы инновациялык билим берүү технологияларына үйрөтүү зарыл. Бул багытта И.Арабаев атындагы КМУда январь айында атайын профессордук-окутуучулар курамы үчүн семинарлар уюштурулууда.

Университетте аткарылган ар бир иш, ташталган ар бир кадам студенттердин билим сапатын жогорулатууга жана профессордук-окутуучулар курамы үчүн түзүлгөн шарттарды жакшыртууга багытталат. Азыркы учурдагы ректор Т.А. Абдырахмановдун мезгилинде жогорку окуу жайында окутуунун жаңы, натыйжалуу технологияларын, жаңы маалыматтык тех-

нологияларды колдонууга чоң басым жасалып, материалдык-техникалык базасы бир кыйла жакшыртылды. Университетте жумушка кабыл алуу жана дайындоо, кызматтан көтөрүү критерийлери объективдүү жана ачык жүргүзүлөт. Жыл сайын профессордук-окутуучулар курамы квалификациясын жогорулатып, ар кандай семинар, тренингдерге катышып турушат. Ал эми чет мамлекеттерге конференция, жыйындарга катышуу жана квалификациясын жогорулатып келүүдө университет тарабынан ар дайым колдоо көрсөтүлөт (каржы жагынан, окутуучуларга бир окуу жылынын ичинде бир жолку толук чыгымы төлөнүп берилет). Кандай гана адистик болбосун илимий жетишкендик жараткан, кандидаттык, доктордук диссертациясын коргогон кызматкерлер үчүн университет тарабынан барына бирдей, атайын такталган материалдык жардам көрсөтүлөт. Мамлекеттик сыйлыктарга татыктуу кызматкерлерди сунуштоо иши да туура жолго коюлган. Университеттин профкому тарабынан ар дайым колдоо (муктаждарга акчалай жардам берүү, санаторий-курортторго жолдомолор ж.б.) көрсөтүлүп турат [3, 7-б.].

Студенттердин билим алуусуна, жашоосуна, активдүү эс алуусуна бардык ыңгайлуу шарттар түзүлгөн.

Университтин жүргүзүп жаткан ар бир иши, жаңылыктары атайын www.arabaev.kg веб-сайтында жайгаштырылып, коомчулукка жеткиликтүү деңгээлде ачык турат. Мындан тышкары, коомдук, студенттик, маданий-билим берүүчү **«Арабаев пресс»** аталыштагы газетабыз жарыкка чыгууда. Бул газета университтин коомдук жашоосун, студенттик турмушун байма-бай чагылдырып турат.

**Адабияттар:**


1. Бедельбаева А.З. Международная интеграция высшего образования Кыргызстана: проблемы и перспективы. - Б., 2019. - 1-б.
2. Учурдагы архив. И.Арабаев ат. Кыргыз мамлекеттик университети. Отчет. - Б., 2015.
3. Учурдагы архив. Отчет ФИСПО по самооценке аккредитуемой магистерской программы «История Кыргызстана в последней четверти XX-XXI вв.». - Б., 2019. - 7-б.
4. Учурдагы архив. Э.Ж.Маанаев атындагы ТСУББФинин университеттин Окумуштуулар кеңешине берген отчет. - Б., 2019. - 2-б.
5. Акматов Б.М. Болонья процесси жана эки баскычтуу жогорку окуу жайларында адабият сабактарын компетенттүүлүккө негиздеп окутуу парадигмасы. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2014. №. 4. С. 282-284
6. Абдыкеримова А.С., Рапкомова Р. Роль организации самостоятельной работы студентов в условиях перехода к Болонскому процессу обучения. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2013. №. 3. С. 279-280